КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы **№9** Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагынын**
**2026-жылга жана 2027-2028-жылдардын пландык мезгилине жергиликтүү бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жана КРнын “Жергиликтүү администрация жана өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34 жана 39 беренелерин жетекчиликке алып, **Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:**

1. 2026-жылга айыл аймактын айыл өкмөтүнө келип түшкөн кирешелер жана чыгашалар №1-тиркемеге ылайык 113663,3 миң сом, атайын каражат 9360,2 миң сом, бардыгы 123023,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Жергиликтүү бюджеттен 2026-жылга келип түшүүчү кирешелердин көлөмү №2-тиркемеге ылайык 123023,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин жана чыгаша бөлүгү 3-тиркемеге ылайык ар беренелер боюнча пайдаланууга уруксат берилсин.
3. 2027-жылга бюджеттик долбоору №4-тиркемеге ылайык 133023,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
4. 2028-жылга бюджеттин долбоору №5-тиркемеге ылайык 142023,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
5. Жергиликтүү бюджетке 2026-жылга жайыт акысынан келип түшүүчү киреше жана чыгашалар 1 300,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
6. 2026-жылга өзгөчө кырдаалдар учуруна бюжетте каралган 1000,0 миң сом акча каражаты пайдаланылбай калса, башка беренелерге которуп пайдаланууга уруксат берилсин.
7. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын эмгек акысы жыл ичинде өткөргөн он алты сессияга 6500 сом жана социалдык камсыздандыруу фондусуна 1121 сом өлчөмүндө бекитилсин.
8. Айыл өкмөтүнүн башчысынын резервдик фондусу 2000,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
9. «Байчечекей», «Бугу Эне», “Барскоон” “Т.Орумбаев” мектепке чейинки билим берүү уюмунун мекемелеринин тамак-аш чыгымдарына атайын каражаттан 9360,2 миң сом өлчөмүндө акча каражаты бекитилсин.

10. Чыгашаларды каржылоо 2026-жылда факт түрүндө топтолгон кирешелердин эсебинен жүргүзүлөт. Ошол эле учурда биринчи кезекте корголгон беренелерди (айлык акы, КРнын Соцфондуна чегерүүлөр, медикаменттер, балдардын тамак-ашы) каржылоо керек.
11. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын №81 токтомунун 1-тиркемесине ылайык, айыл өкмөтүнүн штаттык санынын чеги 12 кызматкер, 4 техникалык жана кенже тейлөөчү персонал, 3 айыл башчы, конракттык негизде кошумча штаттык бирдик 6 кызматкер менен иш алып барсын.
12. Айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго:
   - ушул токтом менен бекитилген бюджеттик параметрлерди зарылчылыктан улам өзгөртүүдө токтомго кеңеш толуктоо же өзгөртүү киргизгенге чейин Барскоон жергиликтүү кеңешинин экономика, бюджет, каржы жана инвестиция тартуу иштери боюнча туруктуу комиссиянын макулдугу менен иш алып баруусуна уруксат берилет.
   - бөлүнгөн каражаттарды чыгымдоодо максаттуу пайдалануу боюнча көзөмөлдү ишке ашырсын.
13. 2025-жылы каржыланбай калган чыгашалар 2026-жылдын бюджетинин эсебинен жана каралган чектин алкагында гана ишке ашырылсын.
14. Бюжеттик мекеме жана ишканаларга атайын эсептин каражаттарын казына системасынан сырткары колдонуусуна тыюу салынат. Бул тартип бузулган учурда ошол атайын эсептин каражаттары 100% жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө которулат.
15. Барскоон айыл аймагынын бюджетинен каражаттарды максатсыз пайдаланган учурда, аталган каражат толугу менен бюджетке кайтарылышы керек.
16. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
17. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
18. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
19. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө кеңештин төрагасы Ч.А.Ажыбековго жана ал эми аткаруу жагы Айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска